**«Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомуна негиздеме маалымкат**

Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын (мындан ары – АШК) курамында 12 мүчө бар, анын ичинде 3 өкүл – саясий партиялардан («Ата Мекен», «Өнүгүү-Прогресс» «Кыргызстандын Элдик Кеңеши»), 9 өкүл – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан. Резервде 77 адам турат, алардын баары – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан.

Ноокат АШКнын мүчөсү А.Ш. Осмоналиев турмуш шартына байланыштуу Ноокат АШКнын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталууда:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Осмоналиев Алмазбек Шарипович комиссиянын курамынан чыгарылсын;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Алибаев Жоомарт Акылбекович резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

Бул өзгөртүүлөргө ылайык, шайлоо комиссиясынын курамында саясий партиялардан 3 өкүл, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан 9 өкүл болот. Резервде 76 адам турат, алардын баары – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан.

Резервден шайлоо комиссиянын курамына киргизилген талапкер тууралуу кыскача маалымат:

Ж.А. Алибаев 16.09.1987-жылы туулган, Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналат, билими жогорку (Ош технологиялык университети, адистиги боюнча «Инженер-куткаруучу»), убактылуу иштебейт, соттуулугу жок.

Борбордук шайлоо комиссиясынын 09.09.2021-жылы №685 токтому менен Ж.А. Алиевбаев Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын резервине жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан киргизилген.

Ж.А. Алиевбаев шайлоо мыйзамдарынын ченемдеринин талаптарына ылайык келет.